УДК: 316 (575.2)

Исаев К. И.
*Кыргыз социологиялык Ассоциациясынын Президенти, Бишкек ш.*

# КЫРГЫЗ СОЦИОЛОГИЯСЫ: КАЛЫПТАНЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макала Кыргызстандагы социология илиминин башталышы жана калыптануусу, анын азыркы учурдагы абалы жана дүйнөлүк илимий аренадагы орду жана перспективалары тууралуу баяндайт.*

*The article describes the start and development of sociology in Kyrgyzstan, its modern state and its place in the world`s scientific arena and its perspectives in future.*

«Социология» деген түшүнүктүн жана илимдин пайда болгонуна бир жарым кылым болду. Алгач Францияда 1838-жылы пайда болгон. Социология илим катары - жаңы индустриялык Европага ылайыкташкан илимий байкоону, тажрыйбаны жана салыштырууну пайдаланган. Социология түшүнүгүн жана илимин калыптандырган Огюст Конттун пикири боюнча, социология илимдин төбөсү катары социалдык динамиканын жана социалдык статиканын көз карашында талдоо аркылуу өнүгүшү зарыл эле." Кийин социология тарыхый социалдык, түзүлүштөрдүн, коомдордун атайын социалдык мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн ошондой эле бул мыйзамдардын калктардын, таптардын, социалдык топтордун жана инсандардын иш-аракеттериндеги көрүнүштөрүн изилдей турган илим катары калыптанып өнүгө баштаган. Азыркы убакта жер жүзүнүн бардык материктеринде социология толук кандуу жарандык укуктагы илим катары өзүнүн методологиясы, теориясы жана ыкмалары менен кеңири жайылган. 1911-жылы 14-ноябрды Франциянын борбору Париж шаарында «Бүткүл дүйнөлүк социология күнү» деп жарыялап, Европа, Америка, Азия мамлекеттеринде майрамдап жүрүшөт. 2014-жылы 14-ноябрда К.Карасаев атындагы Гуманитардык университеттин социология кафедрасы кыргыз социологиялык Ассоциациясы менен бирдикте майрамдап, «30+20-Улуттук социологиянын өнүгүү маселелери» эл аралык илимий конференцияда мындан ары 14-ноябрды социологиянын дүйнөлүк күнү катары белгилеп жүрүүгө чечим кабыл алышты.

1917-жылы большевиктер уюштурган социалисттик революцияны ошол кездеги орус гуманитар окумуштуулары кабыл алган эмес. Ошондо В.И.Ленин орустун мыкты социологдорун, философторун, тарыхчыларын, экономисттерин, бардыгы 126 окумуштуусун кемеге отургузуп, чет мамлекетке кууп чыккан. Ошолор Францияга барып француз тилинде, Германияга барып немис тилинде, Америкага барып англис тилинде орустардын коомдук-гуманитардык илимдерин өнүктүрүшкөн. Россияда социология илимине «жалган буржуазиялык илим» деп тыюу салган. Ошентип, 1985-жылга чейин социология илими Советтер Союзуна келген эмес. Ошол жылы Горбачевдун «жаңылануу» деген саясаты болбоду беле, ошол саясаттын учурунда Орусияга келип, адегенде колдонмо социология лаборотория, цехтер катары уюшулган. Анан СССР тарап, азаттык, демократия, боштондук келгени 1991-жылдан баштап социология ар тараптан Россияда жана жаңы пайда болгон улуттук мамлекеттерде жана Кыргыз Республикасында дагы өнүгүүсүн уланткан.

I. Дүйнөлүк илимге айланган социологияны Кыргызстанда «колдонмо» ыкмасын өнүктүрүү аркылуу чыгаан инсан, улуу ойчул А.Табалдиев баштаган. Ал чагылгандай чартылдаган, өзгөчө жөндөмдүү, таланттуу, ойчул-философ, Ала-Тоо аскасында туулган, Нарын районунун Жерге-Тал айылындагы орто мектепте 7-классты бутуруп, Нарын педагогикалык окуу жайын аяктагандан кийин Кыргыз мамлекеттик университетинде тарых боюнча жогорку билимин алып, философия боюнча илимдин кандидаты болгондон кийин (1961-ж) Орто Азия аймагында биринчилерден болуп социологиянын «колдонмо»ыкмасы менен изилдөө жүргүзүп, доктордук диссертациясын даярдаган. Кыргыз улуттук университетинин тарыхый материализм кафедрасын башкарып, атайын «Кыргызстан элдеринин турмушундагы улуттук жана

интернационалдык көрүнүштөр» деген илимий темада социологиянын колдонмо ыкмасы менен философия кафедрасынын аспиранттары аркылуу республика боюнча атайын даярдалган сурамжылоо (анкета) менен изилдөө жүргүзүп, «Социализм жана нация» деген китептин кол жазмасын даярдаган. Тилекке каршы, ал китептин кол жазмасы Кыргызстан коммунисттик партиянын борбордук комитетинин «кыраакы көзөмөлдөөсүнүн» аракети менен «жараксыз катары» өрттөлгөн. Ошого карабастан, Уралда Свердлов университетинде философия боюнча эл аралык жана СССРдин башка илимий борборлорунда өткөн бүткүл союздук конференцияларда жасаган докладдарынын жана аларда жарыяланган илимий эмгектеринин негизинде 1971-жылы доктордук диссертация коргоп, кыргыз улутунан биринчилерден болуп философия илимдеринин доктору деген илимий даража ыйгарылган. Ошол жылдардагы башкаруучу коммунисттик партиянын катарынан чыгарылып, кызматтан алынып, «сары убайым» оорусуна чалдыгып азап тартышкан көптөгөн замандаштарынан айырмаланып, Асанбек Табалдиев илим менен көк жалдыкта аракеттенип, тилинен чаң чыккан, жазганынан көөр төгүлгөн публицистикалык макалаларын жарыялап, адистер чөйрөсүн жетектеген, тарых, философия, маданият маселелери боюнча эл аралык союздук жана республикалык илимий конференцияларда докладдарды жасап, кыргыз философиясын дүйнөлүк деңгээлге көтөргөн, жыйнаган публицистикалык макалаларды кыргыз, орус тилдеринде жарыялаган. Эң биринчилерден болуп социология түшүнүгүн, изилдөөнүн колдонмо ыкмасын Кыргызстанга тараткан, компьютер ж.б. техникалар жок кезекте эле социологиянын колдонмо ыкмалары менен сурамжылоолорду жүргүзүп, карандаш, калемсап менен эле эсептеп, жыйырмадан ашык илимий макалаларды, докладдарды даярдаган. Демек бул улуу Инсан - кыргыздын биринчи социологу. 1973-жылы айлампага чөгүп, ордунан жылбай калган Кыргыз совет энциклопедиясын жетектеп, биринчи томдорун даярдап, бастырып, элге таратып, республикада «энциклопедиялык аң-сезимдин калыптанышын баштаган». 1974-жылы Кыргызстандын Илимдер академиясына философия боюнча корреспондент-мүчө болуп шайланган. 1975-жылы 14-декабрында араң кыркка чыгып-чыкпай катуу оорудан кийин кайтыш болгон. Тилекке каршы, Асанбек Табалдиевдин окуучулары жазыксыз өрттөлгөн улуттар маселесин чечмелеген монографиянын кол жазмасын жарыялоого жана ал окумуштуунун ысымын Улуттук университетинин философия кафедрасына ыйгаруу жөнүндө демилге көтөрүшпөгөнү өтө өкүнүчтүү. Кайдыгерликтин чеги болбойт экен да, же эс-тутумдун эле көңдөйлүгүбү?...

Социологиянын колдонмо ыкмасын атайын уюштурулган лабораториялар жана ар кандай чет мамлекеттерден жана фонддордон каржыланган атайын социологдордун топтору кеңири пайдаланышып, изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын базарлык эрежелердин негизинде сатып, күн көрүп келишүүдө. Алар – негизинен, республиканын ар кайсы ЖОЖдорунан билим алышкан жаш адистер. Илгери Асанбек Табалдиев уюштурган илимий изилдөө лабораториясы көп жылдар бою «аты бар, заты жок» болуп турду.

Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университеттин социологиялык изилдөө борбору жаңы 21-кылымдын башталышы менен жандана башташууга шарт түзүлдү окшойт. Анткени аны Россиянын Санкт-Петербург Университетинен атайын социологиялык билим-кесип алган, докторантураны бүткөн Кубатбек Көкөмбаев жетектей баштады. Ал эми 1983-жылы СССРдеги атактуу 10 жогорку окуу жайынын бири болгон Фрунзе Политехникалык институтунда уюшулуп, 10 жыл бою социологиянын колдонмо ыкмасы менен изилдөөлөрдү жүргүзгөн эле. Азаттыкка аттанганда Кыргызстандын жаңы элита жетекчилери бөлүнүп-жарылууну ЖОЖдордон баштаган эле. Ошондогу республиканын Президенти жана анын вазирлери жеке кызыкчылыктын айынан атактуу ФПИни үчкө бөлгөндө, социологиялык лаборатория Бишкек Гуманитардык университетке «көчүүгө» аргасыз болуп, «өлбө жаным өлбө»

деп ондогон жылдар бою жашап келген.... XXI кылымдын он щчщнчщ жылында БГУнун социология кафедрасында жаңы кесипкөй жаш жетекчилик келип, илимий лабораторияны жаңыча «Социологиялык жана маркетингдик изилдөө бөлүмү» деп атап таланттуу, келечектүү жаш социолог Сыргабаев Самарбекти жетекчиликке дайындалды. Демек, социологиянын колдонмо ыкмасын ар тараптан чыгармачылык менен пайдаланып, кыргыз мамлекетине зарыл болгон изилдөөлөрдү жүргүзөт деген ишенимди тереңдетүүдө.

II. Мен XX-кылымдын 70-80-жылдарында Москвада кандидаттык, доктордук диссертацияларды коргоп, ар кандай илимий жыйындарга аралашып, экономика, философия жана социология боюнча маалыматтарга ээ болуудамын, Европа, Америка, Азия мамлекеттеринде илимий конференцияларга катышып журуп «Социология» эмне экендигин түшүнүп келдим. Политехникалык институтта 1983-жылы биринчи социологиялык илимий-изилдөө лабороториясын уюштурдук. Колдонмо, социологиялык ыкмалар менен изилдөөлөрдү жүргүздүк жана республиканын элиталарынын бейнесин баалоонун салтын түптөдүк жана 21-кылымда дагы изилдөөнү улантуудабыз. Мамлекеттик Кара-Көлдөгү «Достук» заводунун, Калинин районундагы «Степной» совхозунун социалдык өнүгүү пландарын түздүк. Айылдардан келген кыргыз жаштарынын шаардын жана завод-фабрикалардын шарттарына, жашоо-тиричиликтин өзгөчөлүктөрүнө көнүү мүмкүнчүлүктөрүн социологиялык изилдөө жүргүзүлүп, тажрыйбалык жыйынтыктар корутундуладык. Ошол изилдөөнү жүргүзгөндө Кыргыз Республикасынын жаштары илимий-ыкмалык жагынан билимдуу жана күчтүү болушкан. Эмил Ниязов, Карабек Жигитеков, Азис Жусупбеков, Чынара Сейдакматова, Гүлмира Мааткеримова жана мен Кыргыз Республикасынын жаштар сыйлыгына ээ болгонбуз. Ошондон кийин Политехникалык институтта 10 жыл иштеп, социологиянын теорияларына жана ыкмасына негизделген изилдөөлөрдү жүргүздүк. Кыргызстан 1990-жылы азаттыкка чыкканда атактуу ФПИни жасалма түрдө үчкө бөлүп жиберишти. Ошондон кийин Гуманитардык университетке кетүүгө аргасыз болдук. БГУда Европанын стандарты боюнча Кыргызстанда «Социология», «Саясат таануу», «Мамлекеттик кызмат» жана «Социалдык кызмат» боюнча жогорку билимдуу адистерди даярдай турган «Башкаруу жана социология» факультетин уюштурдук. Анда көптөгөн жогорку билимдүү кесипкөй социологдорду, политологдорду мамлекеттик жана социалдык кызматкерлерди даярдалды.

Азыркы Кыргызстандын социологдорун үч муунга бөлүп кароого болот. Биринчи мууну Россиянын Москва, Санкт-Петербург, Екатеринбург ж.б. шаарларында окугандар, социологиядан, философиядан, экономикадан билими бар адамдар. Алар: Мелис Артыкбаев, Анвар Бугазов, Эрик Орозалиев, Айнура Элебаева, Рахат Ачылова, Мира Жангарачева, Кубан Бектурганов, Авас Иваков, Саида Нурова, Умут Асанова, Айганыш Абылгазиева, Адаш Токтосунова, Айнура Сагымбаева, Жаңыл Бөкөнтаева, Мукай Асанбеков ж.б. Булар КТМУда, БГУнун «Башкаруу жана социология» факультетинде ж.б. ЖОЖдордо мугалим болуп жана айрымдары мамлекеттик башкарууда иштешүүдө. Андан кийин экинчи муун пайда болду. Атай кетсем: Гулнара Ибраева (азыр Америка университетинде профессор), Рая Осмоналиева, Топчугул Шайдулдаева, Сайкал Жунушова, Таалай Шаршембиева, Жаркын Шадыманова, Анара Алдашева, Галина Горборукова, Бакытбек Малтабаров, Кубат Коконбаев, Нуратбек Мендибаев ж.б. Алардын бир тобу башка жактан билим алып келишип, Кыргызстанда социология илимдеринин кандидаты жана айрымдары доктору болушкан. Ал эми үчүнчү муун Кыргызстанда билим алышып, илимий ишке аралашкандар: Рита Салморбекова, Нурбек Өмуралиев, Болот Матукеев бул үчөө Республиканын өзүндө биринчилерден болуп социология илимдеринин доктору болушту, ал эми социология илимдеринин кандидаттары жана кызматкерлер: Женишкул Молдокеева, Самарбек Сыргабаев, Мира Алиева, Чолпон Кошоева, Феруза Мамашева, Нурзада Картаңбаева,

Чынара Өмуркулова, Чынара Батракеева, Майрам Молдосанова, Абдыкайим Жусубалиев, Асель Шайылдаева, Батма Кошбакова, Динара Өмуркулова, Талант Эркинбеков, Элиза Чырчыкбаева ж.б. Дагы Республика боюнча жыйырмадай инсандар социологиялык огорку билимдуу уул-кыздар социология илимдери боюнча аспирантурада жана докторантурада илимий изилдөө жүргүзүүдө.

Кыргызстанда **«Саясаттын социологиясы»** деген жаңы кесип боюнча диссертация коргошуп жана аспиранттар саясат, социология боюнча илимий кесипчил өзүнчө адистешкен топ калыптанууда. Алар: Бакыт Сейитбаев, Алмаз Акматалиев, Мухтар Мадалиев, Чынарбек Дуйшеналиев, Курманбек Темирбаев, Назгул Казак кызы, Асыкбек Оморов, Темирбек Токтогазиев, Айсалкын Укуева, Бакыт Орунбеков, Карыбек Байбосунов, Талантаалы Бакчиев, Карабек Жигитеков, Гулмира Мааткеримова, Кубат Чекиров, Гулзат Майчинова, Кубанычбек Кенжебаев, Назгул Токтоболотова, Бегимай Абишева ж.б. Ошентип, Кыргыз Республикасы дүйнөлүк илим болгон көп тармактуу социологияны өзүнө сиңирип, анын теориясы жана ыкмалары боюнча заманына татыктуу кесипкөйлөрдү даярдоодо. Социологиянын кеңири белгилүү болгон теорияларынын жана ыкмаларынын негизинде Кыргызстанга эң зарыл изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жана дүйнөлүк, эл аралык илимий конференцияларга, Конгресстерге катышуу менен кыргыз социология илимин дүйнөгө таанытууда.

Социология илими жана илимий кадрлардын салыштырмалуу көптүгүнө карабастан алар анчалык байкалбайт. Кейпи бардык нерсени коомдун кабыл алышынажараша болсо керек. Коомдун ой-пикирин оңдоп, жакшырта албасак, анда илимдин«өлгөнү» ошол. Анда илимдин кандай зарылчылыгы бар? Мисалы, илимдин чордону болгон Улуттук Илимдер Академиясында ушул кезге чейин «Социология» дегендин татыктуу орду белгиленбеген. Социология илиминде өзүнүн теориялары, парадигмалары, изилдөөнүн ыкмалары жана социология өзү ааламдашуунун ылайыгына жарашасоциалдык-гуманитардык илимдерден эң ыкчам жана ар түрдүү болуп өнүгүүдө. Тилекке каршы, социологиялык теория жана ыкма өнүккөнүнө карабастан биз элге, мамлекетибизге колубуздан келген жардамыбызды бере албай жатабыз. Себеби, мамлекетжана анын жетекчилери пайдалана билишпейт, анткени азыркы татаал коом жөнүндө илимий билими начар. Мисалы, 2010-жылдын 6-7-апрелиндеги Ош, Жалал-Абад облустарында болгон кайгылуу окуялар, 87 баланын атылышы, миңдеген кишилердин жарадар болушу, мына ушунун бардыгы улуттук саясат социологиялык илимий изилдөөлөрдү алдын ала жүргүзбөгөндүктөн жана эсепке алынбагандыгынан болуп жатат. Натыйжада толгон-токой мамлекеттик кызматчылар, уюмдар, «көзү ачыктар» болсо дакоомдун бышып-жетилген маселелерин, кысталыш абалдарын алдын-ала билип, чаракөрүү тажрыйбасыбайкалбайт.

XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башынан бери «жаңы социологияны» кантип түзөбүз, «эски социология» менен эмне кылабыз деген илимий дискуссия, талаш-тартыш дүйнөлүк социологиялык коомчулукта - Европада жана Америка Кошмо Штатында кеңири болууда. Социологиялык кесиптештер бугунку куну Петр Штомканын (Польшадан) «үчүнчү социология» жана Михаил Буравойдун (АКШдан) «Калайыктык (публицистикалык) социология» деп эки социологиянын теориялык жагдайларын кеңири талкуулашууда. Бул дискуссиялар кыргыз улуттук социологиясынын өнүгүшүнүн келечегине түздөн-түз таасир этет. П. Штомка сунуштаган «үчүнчү социологиянын» нерсеси болуп: «социологиялык окуялар», «социалдык жашоо», «социалдык орноо» б.а. социалдык турмуштун жүрүүнү көңүлдүн борборунда болуу менен илимий жамааттык элестетүүсүн шалдаткан «түзүлүш / аракет» деген мажбурлуктан кутултат. Демек, социологиялык изилдөөнүн түрлөргө жана бөлүкчөгөүлөштүрүүнүн чен-өлчөмү болуп «эмне изилденет» жана «кантип изилденет» деген суроолорго так жооп беруу болуп саналат. Демек, социология алмашат, жаңырат, анткени изилдөөнүн нерсетин жана ыкмасы өзгөрөт. Ошентип, П.

Штомка социологиянын жаңы түзүлүшүнө бурулуунун жаңы нерсети жана методологиясын сунуштоодо Дүйнөлүк социологиялык коомчулукка кеңири белгилүү профессор М. Буравой «үчүнчү социологиянын» өнүгүшүнүн жаңы жолун талкууга коюуда. Ал сунуштаган «Калайыктык социология» илимий долбоорлордон алыс, бирок тажрыйбалык пайда менен академиялык кызыкчылыкты көздөгөн «илимий билимби» же «тажрыйбалык билимби» деген эрксиз тандоодон кутулууну сунуштайт. Тактап айтканда М. Буравой «калайыктык социологиянын» келечегин XIX-XX кылымдарда социологиянын үч басыларынын өнүгүшүнүн натыйжасы болгон азыркы социологиялардын кураштырмаларынын жыйындысын сунуштайт. Демек, дүйнөлүк окумуштуулардын пикири боюнча кесиптик социологиянын заманы келди. Социологиянын келечек тагдыры илимий тартиптеги «жарандык түп-дүмүрчөккө» кайрылышы менен айырмаланат. М. Буравой «Калайыктык социологияны» - жарандык коомдун добушу катары болушун сунуштайт. «Калктык социологиянын коомго, элге тийгизген таасири жарнама, жаркат, интернет, саясый жаңылыктар менен салыштырууга болот. Ошентип, М. Буравойдун жацы социология боюнча баасый суроосу: «Эмне үчүн изилденет» жана «ким үчүн изилденет» деген суроолорго жооп бериш керек. Демек, социологиянын максаттуу иштемдери жана максаттуу дареманы өзгөрүшү менен анын өнүгө берүү жүрүүнүөзгөрөт. Социологиялык коомчулуктун маселеси жана кун тартиби алмашат, анткени социология илиминин эпистомологиялык турпаты өзгөрүүдө.

III. Социология илиминин Республикабыздын өнүгүшүнө анчалык салым кошо албай жатканына карабастан социология боюнча адистерди даярдоо 4 жогорку окуу жайында жүрүүдө. К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университети, Жусуп Баласагын атындагын Кыргыз Улуттук университетте, Орто Азиядагы Америка университетинде жана Кыргыз-Тщрк «Манас» университетинде жогорку билимдуу социологдор жаңы дүйнөлүк үлгү жана ыкма менен даярдалып жатат. Бирок бүгүнкү күнү социологиялык кадрларды даярдоо өтө начарлап кетти. Себеби, мамлекеттин жогорку билимдүү кесипкөйлөрдү даярдоо боюнча ачык-айрым стратегиясы жок, демек, эч кандай көңүл бурлбайт жана ачык-айрым көзөмөлдөө, пландаштыруу жана кайсы кесип канча керек деген пландаштыруу да артта калган. Айрым университеттерде социология социалдык кызматка «тебеленүүдө». Билим берүүнүн Болон үлгүсүнөөткөнү менен кесиптик даярдоонун стратегиясы начар, магистратура деп атаганы менен алгылыктуу ойлонулган эмес. Магистрлик диссертациянын илимий жобосу иштелбеген. Чар-жайыттык өкүм сүрүүдө. Европада жана базарлык мамилеге өткөн өлкөлөрдө бир дагы ишкана социологсуз иш алып барбайт. Бизде болсо ушул күнгө чейин социолог адиси пайдаланып, социалдык шарттарды жакшыртууга чечкиндүү чаралар кабыл алынган эмес. Биз ар кандай илимий Конгресстерге катышып, кыргыз социологиясынын изилдөөлөрү боюнча пикир алышып жүрөбүз. Мисалы мен, 1998-жылы Канаданын Монреаль шаарында Бүткүл Дүйнөлүк социологиялык Ассоциациянын 14-Конгрессине чакырылып, катышкам. Анда кыргыздардын жергиликтүү башкаруусунун өзгөчөлүктөрү жана көчмөнчүлүктөн кийинки замандарда кандай пайда болгону тууралуу доклад жасагам. Ал англис, орус кыргыз тилдеринде Канадада, Россияда жана Кыргыз Республикасында жарыяланган. Кийин биз бүткүл дүйнөлүк социологдордун 15, 16, 17-Конгресстерине жана андан тышкары Конгресстер аралык эл аралык илимий жыйындарга (мисалы: Испанияда-Барселон шаарында, Аргентинада – Буэнос-Айрес шаарында, Туркияда - Анкара, Стамбул, Кожоэли шаарларында, Словенияда - Любляна, Казахстандын Алматы, Астана, Россиянын Москва, Екатеринбург, Уфа шаарларында ж.б.) да катыштык. Бардыгында доклад жасап, алар англис, кытай, турк, орус тилинде журналдарга, китептерге жарыяланган. Кыргыз социологиялык Ассоциациясы 2010-жылы Бүткүл дүйнөлүк социология Ассоциациясына мүчө болгон. 2014-жылы июль айында

Японияда (Иокогама шаарында) «Теңсиздиктин жана жакырчылыктын социологиясы» деген темада өтүүчү ЭСАнын XVIII Конгрессине Кыргыз Республикасында иденттүүлүк жана иденттешүү маселелери жөнүндө илимий доклад сунушталат.

Эл аралык социологиянын дүйнөлүк эки борбору бар. Бир борбору Парижде, ал 1919-жылы «Эл аралык социологиялык институт» деп түзүлгөн. Экинчи борбору Мадридде, ал жерде 1949-жылы «Дүйнөлүк социологиялык Ассосиация» деп БУУнун ЮНЕСКОнун жардамы менен түзүлгөн. Пекинде болуп өткөн Эл аралык социологиялык Институттун 36-Конгрессине мени чакырышты. Ошондо мен «Кыргыз элинин дүйнөлүк социологиялык казнага кошкон салымы» деген доклад жасап, Кыргыздын дүйнөлүк социалдык байлыкка кошкон 8 руханый дөөлөтүн чечмелегем. Алар: 1) Теңирлик ишеними; 2) Кыргыз рухунун туу чокусу болгон Манас эпосу; 2013-жылдын декабрь айында дүйнөлүк 196 мамлекет мүчө болгон ЮНЕСКОнун чечими менен «Манас»,«Семетей», «Сейтек» - үчилтиги материалдык эмес маданый мурас катары дүйнөлүк ааламда тарыхый ордун ташка тамга баскандай татыктуу ээледи. Бул кыргыз элинин улуу жециштеринен - зор сыймыктанууга татыктуу! 3) Тармактык эпостор; «Эр Төштүк»,«Курманбек», «Эр Табылды», «Олжобай менен Кишимжан» ж.б. 4) Кыргыздын санжырасы - тирүү тарых. Бул да анын өзгөчөлүгү. Кыргыздар эч качан санжырасын унуткан эмес. Санжырасы аркылуу тарыхын көпчүлүк салттарын, эрежелерин сактап келген. Кыргыздын салты боюнча 7 атасына чейин никелешщщгё тыюу салынган. Советтик мезгилдин айрым «атка минерлери» уруучулукту саясаташтырып жатышкандары өтөөкүнүчтүү. Кеп кылымдардан кийин бирдиктүү мамлекеттүүлүккө жетишкен кыргыздарга бүтүндүк, бириккендик, ынтымак көздун карегиндей керек. Башкача мамилелердин баары-өзгөчө уруучулук, жердешчилик, динчилдик саясаттары кыргыздын мамлекеттүүлүгүнө чыккынчылык катары бааланышы керек. 5) Комузду алсак, анын күүсү эми кайталангыс нерсе.Үч кыл менен эле америкалык, европалык симфониялардын деңгээлинде оңой-олтоң ойноп коет. 6) Макал-лакаптар. Макал-лакаптардын саны боюнча дүйнө жүзүндө кыргыздарга жеткен эч бир калк жок. 15 миң макал-лакап, накыл сөздөрү бар ушул тапта. 7) Аттын жабдыктары, ээр токум ж.б. 8) Боз үй анын укмуштуудай кооз жана мазмуундагы эмеректери жана оймо-чиймелери. Бул дагы дүйнө жүзүндө эч бир жерде кайталангыс көрүнүш. Кыргызга рухий байлыктарынын көптүгү жана ар түрдүүлүгү боюнча тең келген дүйнөдө бир да калк болбосо керек!

Ошентип, кыргыз социологиясынын акыркы 14-15 жылдан бери эл аралык жана дүйнөлүк илимий Конгресстерде үнү угулуп, зарыл жана актуалдуу коомдук маселелерди талкууга коюп келүүдө. Эл аралык ири илимий жыйындардын, симпозиумдардын катышуучусу катары дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулар менен илимий жылуу мамиле түзүлүп, чыгармачылык алакалардын өөрчүшүнө шарт ачылган жана тең ата өнөктүктө социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү тажрыйбаланган,

Тилекке каршы, болгон жана социологиялык илимдин жетишкендиктерин кыргыз жаш мамлекетинин толук кандуу өнүгүшүнө жумшай албаганыбыз өтө армандуу. Анткени, ички муктаждык болбогон жана саясый элита эмнени кантип «ойрондоп», бир канча муундун эмгегин жана аракети менен чогулган мүмкүнчүлүк байлыктарды менчигине айландырууну мыкты өздөштүрүшкөндөй...Бул «жапайычылык» качан бүтөт?

Европадан башталган ааламдашуунун шартында дүйнөлүк цивилдердин, илимдердин өнүгүүсү Чыгышка бурууда. XXI кылым Чыгыштыкы. Кыргыз эли эң байыркы Чыгыштын эли. Батыштан жалтаңдабай, аган эпилдебей, азаттыктагы Кыргызстандыктар намысыбызга келип, кыялдануубузду тактап, ураанызбызды чакырып, өнүгүүнүн улуттук жолуна түшөлү, тарыхый ордубузга аракеттенели. Дүйнөлүк тажрыйбасы болгон социология илими жардамдашат. Улуу иштин устаты, аныгы намыстын туткасы, адилеттиктин нускасы бололу!